**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Дипломдон кийинки жана үзгүлтүксүз медициналык билим берүү борбору**

714003. Ош шаары,
Водозаборная к. 215/1

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**
**Центр последипломного и непрерывного медицинского образования**

714003.г.Ош , ул.Водозаборная 215/1

№ 12 « 20 » 11 2023ж Ош шаары

Дирекция отурумунун

**ПРОТОКОЛУ**

Төрайымы: А.К. Жанбаева.
Катчысы: А.А.Токтосунова

Катышкандар:
Ординатура бөлүмүнүн башчысы: К. К. Абдурасулов
Үзгүлтуксуз медициналык билим
берүү бөлүмүнүн башчысы: Ч. А. Эшбаева
Терапиялык адистиктерине билим берүү программалар
жетекчиси:Ж.Б.Иметова
Хирургиялык адистиктерине билим берүү программалар
бөлүмүнүн окуу иштери боюнча орун басары: Г.А. Кочконбаева
Педиатриялык адистиктерине билим
берүү программалар жетекчиси: А. Т. Маткасымова
Стоматологиялык адистиктерине билим
берүү программалар жетекчиси: Г. С. Эргешова
Окуу-методикалык кеңештин төрайымы: А. А. Токтосунова
Илимий-иштер төрайымы: Г. Н. Аттокурова
Проф.союз төрагасы: Г.У. Аскаров

КҮН ТАРТИБИ:
1. “Илимге багытталган мамиле” деген темада семинар уюштуруу.
2. Аралык аттестациянын жыйынтыгы.
3. Интерналардын ротациясын көзөмөлдөө

Угулду: А.К. Жанбаева.
Саламатсынарбы кесиптештер! Ординаторлорду окутуунун окуу процессине “Илимге багытталган мамиле” клиникалык, максаттуу окутуу ыкмасын киргизүү зарыл. Бүгүнкү күндө медициналык жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнө коюлган талаптар абдан жогору жана келечектеги саламаттыкты сактоо адиси маалымат мейкиндигин тез жана туура багыттоо, критикалык ой жүгүртүү, маалыматтарды талдоо, тыянактарды негиздөө жана конкреттүү көйгөйлөргө практикалык чечимдерди кабыл алуу үчүн ишенимдүүлүгүн баалай билиши керек. Туура изилдөө, аналитикалык ой жүгүртүү, маалымат базаларында интернет булактары аркылуу маалыматты жана далилдерди издөө жана андан кийин далилдүү клиникалык чечимдерди кабыл алуу үчүн медициналык маалыматты колдонуу жөндөмүн өнүктүрүүгө тийиш. “Илимге багытталган мамилени” өнүктүрүү өзгөчө азыркы учурда актуалдуу болуп жатат, алдыңкы чет элдик университеттердин үлгүсү боюнча, көптөгөн медициналык университеттер изилдөө университеттеринин статусун алууга жана дүйнөлүк университеттердин рейтингине кирүүгө умтулуп жатышат.

2. Аралык аттестациянын жыйынтыгы.
Угулду: А.А. Токтосунова
Урматтуу кесиптештер! Интерналардын аралык аттестациянын жыйынтыгы боюнча айта кетсем: Терапия цикл дагы интерналар 39, 30- тастыкталды, канааттандырарлык-80%, алардын ичинен 1- тастыкталган эмес,окуудан четтетирилди., 8- кышкы циклдардын аралык экзаменинде кайрадан тапшырышат.

Педиатрия цикл дагы интерналар 36,....

Хирургия цикл дагы интерналар 42, ....

Акушерлик жана гинекология цикл дагы интерналар 36,....

3. Интерналардын ротациясын көзөмөлдөө

Угулду: А.К. Жанбаева.
2023-2024 окуу жылдын 1 курс интерналары үчүн, интерналар1-циклын аяктагандыгына байланыштуу, 2-циклды улантуу максатында, окуу планынын негизинде ротация болуусу абзел. Ар бир программа жетекчиси интерналардын ротациясын график боюнча жүргүзүлүшүн көзөмөлгө алыңыздар.

Токтом кылат:
1. “Илимге багытталган мамиле” окутуу ыкмасын киргизүү.
2. Аралык аттестациянын жыйынтыгын бекитүү.
3. Интерналардын ротациясынын көзөмөлү К.К. Абдурасуловко жүктөлсүн.

Төрайымы ______ А.К. Жанбаева

Катчысы ______ А.А.Токтосунова